**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН АГАРТУУ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТ

# «АСКЕРГЕ ЧЕЙИНКИ ДАЯРДЫК»

предмети боюнча Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын 11-12-класстары үчүн

**Бишкек - 2025**

**Иштеп чыккандар:**

**А.Б. Сатаев** - запастагы полковник, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу КББАнын илимий кызматкери;

**Б.Д. Джолдошбаев** - запастагы полковник, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын БУМБ АЧД бөлүмүнүн башкы адиси;

**Д.С. Саякбаев–** запастагы полковник, Бишкек шаары, Ленин району, Абдыкерим Сыдыков атындагы №72 орто мектебинин аскерге чейинки даярдоо мугалими;

**Т.А. Джумакунов** - запастагы полковник, Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун улук окутуучусу.

**Рецензенттер:**

**У.А. Урманбетов** – Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Генералдык штабынын Уюштуруу-мобилизациялык башкы башкармалыгынын Аскерге чейинки даярдоо башкармалыгынын башчысы, подполковник;

**А.Д. Токтомаметов** - Кыргыз Республикасынын Агартуу министрлигине караштуу Педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо республикалык институтунун директору, п.и.к., доцент.

**М.Ш. Абдыкадыров** - запастагы полковник, Бишкек шаарынын №24 орто мектебинин аскерге чейинки даярдоо мугалими.

Жалпы билим берүү уюмдарынын 11-12-класстарынын окуучулары үчүн “Аскерге чейинки даярдык” предметтик стандарты:

- Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндө" Мыйзамынын;
- Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 14-мартындагы №131 токтому);
- «Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 9-февралындагы №43 Мыйзамынын;
- “Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-февралындагы №87 токтомунун, «Орто жалпы билим берүү программаларын, башталгыч жана орто кесиптик билим берүүчү кесиптик окутуу программаларын ишке ашыруучу билим берүүчү уюмдарда жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо жөнүндө» Жобонун негизинде түзүлдү.

Аскерге чейинки даярдоо окуучуларды аскердик кызматка даярдоо системасынын ажырагыс бөлүгү болуп саналат, ченемдик укуктук актыларга ылайык уюштурулат жана өткөрүлөт, окууну уюштуруу үчүн бирдей шарттарды кепилдеген билим берүү уюмдарынын бардык түрлөрү жана окуучулардын өнүгүү деңгээли үчүн милдеттүү болуп саналат.

Стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринде жана башталгыч, орто кесиптик билим берүү уюмдарында аскерге чейинки даярдык боюнча окуу пландарын, окуу китептерин жана окуу-методикалык колдонмолорду иштеп чыгуу үчүн негиз болуп саналат.

**МАЗМУНУ**

I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ.......4

II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР......................................................... 5

III. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНДУК БАГЫТТАРЫ…………………………….6

IV. ОКУУТУУНУН МЕТОДДОРУ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯСЫ.....…………10

V. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО...........................14

VI. РЕСУРСТАР МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАРЫ.........................................................................................................16

VII. МОТИВАЦИЯЛЫК ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ.........................................................................................................17

# I. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ, МАКСАТЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**Концепция.** Окуучуларга коргонуу жаатындагы негизги билимдерди жана аларды аскерге чейинки даярдыкка үйрөтүү окуучулардын аскердик кызматка даярдык кызыкчылыгынын негизинде жүргүзүлүүчү иш-чаралардын комплексинин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Жалпы билим берүү уюмдарында “Аскерге чейинки даярдык” милдеттүү предмет катары каралган, анын мазмуну окуучуларды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарында, тынч жашоо шарттарында кызмат өтөөгө даярдоого, ошондой эле ар кандай коркунучтардын келип чыгуу шарттарына зарыл даярдыкты камсыз кылууга багытталган.

«Аскерге чейинки даярдык» предметин окутуунун **максаты** окуучуларды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө кызмат өтөөгө ар тараптуу даярдоо, патриоттук, моралдык-психологиялык сапаттарды калыптандыруу, физикалык туруктуулукту калыптандыруу жана аскердик кызматта жана өзгөчө кырдаалдарда аракеттенүү үчүн зарыл болгон билимдерди жана практикалык көндүмдөрдү өздөштүрүү болуп саналат.

**Максаттары:**

**1. Билим берүүчүлүк максаты** (билимдерди, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүүгө багытталган):

- Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн түзүмү жана милдеттери жөнүндө фундаменталдык билимдерди калыптандыруу;
- Аскердик каттоого алуунун эрежелерин өздөштүрүү, аскердик кызматка чакырылууга тийиш болгон жарандардын укуктарын жана милдеттерин түшүнүү;
- Катарга тизилүү, ок атуу, тактикалык, физикалык жана медициналык даярдык боюнча негизги билимдерди жана көндүмдөрдү алуу;
- Аскердик медицинанын негиздерин үйрөнүү: жарат алгандарга алгачкы медициналык жардам көрсөтүү, жабыркагандарды эвакуациялоо;
- Курал менен иштөө көндүмдөрүн, анын ичинде автоматты чачуу жана жыйноо магазинди толтуруу боюнча практикалык көндүмдөрдү өнүктүрүү;
- Жарандык коргонуунун негиздерин өздөштүрүү: өзгөчө кырдаалдарда өзүн алып жүрүү, билдирүү, баш калкалоо, химиялык же радиациялык коркунуч учурундагы аракеттер.

**2. Өнүктүрүүчүлүк максаты** (окуучулардын инсандык өнүгүүсүнө багытталган):

- Аскердик кызмат үчүн зарыл болгон физикалык туруктуулукту, күчтү, шамдагайлыкты жана тартипти өнүктүрүү;
- Ар кандай тактикалык кырдаалдарды талдоодо сынчыл жана оперативдүү ой жүгүртүүнү өнүктүрүү;
- Командалык жана аскердик машыгуунун жүрүшүндө уюштуруучулук жана лидерлик сапаттарды калыптандыруу;
- Командада иштөө көндүмдөрүн өнүктүрүү, убакыттын чектелүүсүндө чечим кабыл алуу үчүн жоопкерчилик алуу;
- Өз алдынчалыкка, өзүн өзү уюштурууга жана өзүн өзү тарбиялоого түрткү берүү;
- Имитациялык окууларга жана кырдаалдык тапшырмаларга катышуу аркылуу стресске туруктуулукту жана психологиялык туруктуулукту өнүктүрүү.

**3. Тарбиялык максаты** (дүйнө таанымды, мекенчилдикти жана жарандык позицияны калыптандыруу):

- Патриоттуулукту жана Ата мекенди коргоого даярдыкты, аскердик милдетти жана өз өлкөсүнүн тарыхын урматтоону калыптандыруу;

- Жарандык жоопкерчиликке жана аскердик милдетке аң-сезимдүү мамиле жасоого тарбиялоо;
- Аскердик кесипке, армиянын маданиятына жана аскердик тарыхына сый мамилени калыптандыруу;
- Жамаатта милдетти, жолдошчулукту жана өз ара жардамдашуу сезимине тарбиялоо;
- Көп улуттуу армиянын шартында маанилүү болгон толеранттуулукту жана этностор аралык баарлашуу маданиятын калыптандыруу.

## II. ПРЕДМЕТТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

Окутуунун мазмуну окуучуларда жогорку моралдык-психологиялык сапаттарды калыптандырууга, окуучуларды Ата мекенди коргоо милдетин аткарууга даярдоого, жалпы аскердик уставдын талаптарына ылайык жүрүм-туруму, аракети боюнча көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган.

Предметтин мазмуну иш-аракетке негизделген, инсандык, багытталган, маданий жана компетенттүү мамилелердин негизинде ишке ашырылды.

**Предметтик компетенциялар** – бул конкреттүү предметтик чөйрөдө иш-аракеттерди эффективдүү аткаруу үчүн зарыл болгон спецификалык жөндөмдөрдү жана жогорку адистештирилген билимдерди, атайын предметтик билгичтиктерди, көндүмдөрдү жана ой жүгүртүү ыкмаларын камтыйт:

***1. Патриоттук жана эмоционалдык-эрктүү компетенттүүлүк*** окуучуларда жогорку патриоттук аң-сезимди, өз Ата мекенине берилгендик сезимин, жарандык жетилгендикти, жоопкерчиликти, милдет сезимин, салттарга берилгендикти, эмгекке жана коргонууга даярдыгын калыптандырат. Чечимдерди кабыл алуу жана экстремалдык шарттарда аракеттенүү өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- патриоттук сезимдерди, Мекенге болгон сүйүүнү, анын кызыкчылыктарына берилгендикти өнүктүрүү;
- жан аябастыкка жана милдетти аткарууга даяр болуу;
- эмоционалдык-эрктүү туруктуулук жана өзүн өзү башкаруу.

***2. Күжүрмөн даярдыктын компетенттүүлүгү*** бөлүктүн курамында согушка жакын шарттарда иштөөгө, кырдаалды башкарууга, негизги тактикалык тапшырмаларды аткарууга, командада иштөөгө, жашыруунун негиздерин жана позициялардын инженердик жабдууларын өздөштүрүүгө жардам берет. Ал төмөнкүлөрдү камтыйт:

- күжүрмөн кырдаалда багыт алуу;
- ордун тандоо, жабдуу жана жашырууну;
- чакан топтордо кыймыл жана чогуу аракеттенүү;
- машыгуунун күжүрмөн тапшырмаларын уюштуруу жана аткаруу.

***3. Ок атуучу жана саптык компетенттүүлүгү*** ок атуучу куралдар менен иштөөгө, автоматты чачуу жана кайра жыйноо боюнча иш-аракеттерди аткарууга, ок-дарыларды жүктөө, бутага атуу, ошондой эле куралсыз ыкмаларды жана кыймылдарды аткарууга жардам берет. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- машыгуу куралы менен ок атууну үйрөтүү;
- курал менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоо;
- аскердик түздөнү жана командаларды куралсыз аткаруу.

***4. Аскердик-медициналык компетенттүүлүк*** жаракат алган учурда, ок тийгенде, дем алуу жана жүрөктүн согуусу начарлаганда алгачкы медициналык жардам көрсөтүүгө, өзгөчө кырдалда коопсуз эвакуациялоого үйрөтүү. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- негизги медициналык билим;
- жардам көрсөтүү жана эвакуациялоо боюнча практикалык көндүмдөр;
- өзгөчө кырдаалдардагы аракеттер.

***5. Топографиялык компетенттүүлүк*** компасты, картаны, болжолдуу өз алдынча аныкталган багытта жүрүү жана жөнөкөй топографиялык схемаларды түзүүгө мүмкүндүк берет. Ал өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

- топографиялык карталарды жана белгилерди окуу көндүмдөрү;
- азимуттар боюнча маршруттарды түзүү;
- картасыз багытты аныктоо жана компасты колдонуу.

## III. ПРЕДМЕТТИН МАЗМУНДУК БАГЫТТАРЫ

**Мазмундук багыттары.**

***1. Жашоо коопсуздугунун негиздери.*** Алган билимди жана көндүмдөрдүн практикалык иштерде жана күнүмдүк турмушта колдонуу менен табигый кырсыктардын шарттарында, социалдык жана техногендик мүнөздөгү ар кандай экстремалдык кырдаалдарда өзүн кандай алып жүрүү керектиги.

***2. Аскердик кызматтын негиздери.*** Аскердик тартиптин негиздерин калыптандыруу, бөлүктөрдүн жана бөлүмдөрдүн турмушундагы аскердик жоболордун маанисин, аскердик тартиптин эрежелерин калыптандыруу, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүлүштөрүнүн курамын жана түрлөрүн өздөштүрүүгө багытталган аскердик кызматтын негиздерин өздөштүрүү. Сабактардын мазмуну менен аскер кызматчыларынын укуктарын жана милдеттерин жөнгө салуучу ченемдик укуктук документтерди билүү менен аныкталат;

***3. Медициналык билимдердин негиздери.*** Жарадарларга жана оорулууларга кам көрүү, ошондой эле медициналык мекемелерде процедураларды аткаруу көндүмдөрүн калыптандыруу. Медициналык билимдердин системасы жана жабырлануучуларга алгачкы медициналык жардам көрсөтүү үчүн аларды пайдалануу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен аныкталат: дем алуусу менен жүрөктүн согуусу начарлаганда, жарааттарда жана жарадарларды эвакуациялоо.

***4. Аскердик иштердин негиздери.*** Куралдуу күрөштүн мүнөздөмөлөрү менен аскердик иштердин негиздерин, бөлүктүн курамында жоокердин кужүрмөн жана чалгындоо иш-аракеттерин, картасыз жердеги багыттоонун өзгөчөлүктөрү, инженердик жабдууларды куруу жана позицияларды жашыруун өздөштүрүү. Окуучуга ок атуучу куралдардын жана кол гранаталарынын материалдык бөлүгүн жана тактика-техникалык мүнөздөмөлөрүн өздөштүрүү үчүн керектүү ок атуучу даярдыкты камсыз кылуу. Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Уставы жөнүндө түшүнүктөрдү калыптандыруу, ар кандай тоскоолдуктарды жеңе билүү, ошондой эле куралсыз беттешүүнүн элементтерин өздөштүрүү.

***5. Талаа машыгуулары.*** Аскердик иштин негиздери, аскердик кызматтын негиздери, курал атуу жана жалпы дене тарбия, жарандык коргонуу жана медициналык билимдердин негиздери боюнча теориялык жана практикалык сабактарда алган билимдерин жана көндүмдөрүн бекемдөө жана өркүндөтүү.

Нормативди аткарууда демилгелүүлүк менен тапкычтыкты өнүктүрүү, тактикалык кырдаалдарда көтөрүлгөн физикалык жана психологиялык шарттардын жүктөмдөрү.

***Билим берүү натыйжалары.***

Предметтик стандартта предметтик компетенцияларды, мазмундук багыттарды, күтүлгөн натыйжаларды жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоо талаптары каралат.

Сапаттуу окутуу окуучулардын предметтик компетенциясынын калыптанышына өбөлгө түзөт жана ар бир сабактын алдында коюлган жана чечилген билим берүү, өнүктүрүү жана тарбиялоо милдеттерин ишке ашыруунун натыйжасы болуп саналат.

Аскерге чейинки даярдык предметинин билим берүүчүлүк милдеттери: жаштарды аскердик кызматка даярдоо; аскердик кызматтын кадыр-баркын жогорулатуу; окуучуларда Ата мекенди коргоо милдетин аткарууга моралдык-психологиялык даярдыгын калыптандыруу.

Аскерге чейинки даярдык предметинин өнүктүрүү милдеттери: жаштардын аскердик кызматка моралдык-психологиялык даярдыгын калыптандыруу; Ата мекенди коргоочунун милдеттерин аткаруу үчүн зарыл болгон билимдерди жана көндүмдөрдү берүү.

Тарбиялык милдеттер – окуучуларда жогорку патриоттук аң-сезимди, Ата мекендин кызыкчылыгын коргоо боюнча жарандык парзын жана конституциялык милдеттерин аткарууга даярдыгын өнүктүрүү боюнча системалуу жана максаттуу иш-аракеттерди жүргүзүү.

*11-12-класстардын «Аскерге чейинки даярдык» предметинин окуу материалын мазмундук багыты боюнча бөлүштүрүү*

*1-таблица*

| № | Мазмундук багыттары | Класстар боюнча бөлүштүрүү | |
|---|---|---|---|
| | | **11-класс** | **12-класс** |
| 1. | Жашоо коопсуздугунун негиздери | Күнүмдүк тиричиликтин коопсуздугунун негиздерин өздөштүрүү, окуучуларды кырсыктардын, кыйроолордун жана табигый кырсыктардын шарттарында, табигый, социалдык жана техногендик мүнөздөгү ар кандай экстремалдык кырдаалдарда өзүн алып жүрүүгө даярдоо. Жарандык коргонуу талаптарын өздөштүрүү. | Заманбап массалык кыргын салуучу куралдардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн, коргонуу ыкмаларын, жеке коргонуу каражаттарын колдонууну үйрөнүү. Өзгөчө кырдаалдарда окуучуларга кабарлоонун жана аракеттенүүнүн тартибин үйрөтүү менен жалпы мектептик машыгууларды өткөрүү. |
| 2. | Аскердик кызматтын негиздери | Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана башка аскердик түзүлүштөрүнүн курамынын түрлөрү, аскердик милдетти жана аскердик кызматтын маңызы, аскер кызматчыларынын ортосундагы мамилелерди куруунун | Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Уставынын түшүнүгүн калыптандыруу, куралсыз жана курал менен машыгуу. Куралсыз саптык ыкмаларды практикалык аткаруу. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | өзгөчөлүктөрүн өздөштүрүү. Аскердик тартип, аскер кызматкерлерин жайгаштыруу, ички тартип жана рота боюнча кезекчинин иш-аракеттерин тартипке келтирүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулат. | |
| 3. | Медициналык билимдердин негиздери | Балдар кырсык болгон аймактардын өзгөчө кырдаалдарда жабыркаган калкка тез медициналык жардам көрсөтүүнү уюштуруу, жаракат алган жана кырсык болгон учурда алгачкы жардам көрсөтүүнүн негиздерин өздөштүрүшөт. Кыздарга радиациялык зыяндын мүнөздөмөлөрү, уулуу жана өтө уулуу заттардын зыяны, жугуштуу оорулар, профилактикалык иш-чараларды уюштуруу жана алгачкы жардам көрсөтүү маселелери боюнча билимдердин кыйла чоң көлөмү сунушталат. | Дем алуусу менен жүрөктүн согуусу начарлаганда, жарааттарда, алгачкы жардам көрсөтүү көндүмдөрүн өркүндөтүү. Жарадарларды эвакуациялоону ишке ашыруу. Сабактын максаты жаракат алган жана оорулуу адамдарга кам көрүү, ошондой эле медициналык мекемелерде процедураларды аткаруу көндүмдөрүн өнүктүрүүгө багытталган. |
| 4. | Аскердик иштердин негиздери | Куралдуу күчтөрдүн жалпы мүнөздөмөсү, бөлүмдүн курамында жоокердин күжүрмөн жана чалгындоодогу аракеттери, инженердик жабдууларды куруу жана позицияларды жашыруу, бөлүктүн курамында өтмөктөр боюнча миналанган талааларды басып өтүү. Бурчтук маанилерди колдонуу менен белгилерге жана бутага чейинки аралыкты аныктоо.<br>Куралдан ок атуу боюнча керектүү окутуудан өткөрүү, анын ичине ок атуучу куралдардын жана кол гранаталарынын материалдык бөлүгүн өздөштүрүү, ошондой эле алар менен иштөөдө минималдуу коопсуздук чараларын өздөштүрүү.<br>Булчуң системасын чыңдоо, ар кандай тоскоолдуктарды жеңүү жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү, ошондой эле куралсыз беттешүүнүн элементтерин өздөштүрүү, айрым тоскоолдуктардын топтору жана бирдиктүү тоскоолдуктардан өтүүгө үйрөтүү. | Күжүрмөндүүлүктү өркүндөтүү, чөйрөдөгү кырдаалда багыт алуу. Позицияны тандап, аны жабдуу жана жашыруу. Компас колдонуу, азимуттар боюнча жылуу, топографиялык картаны жана топографиялык белгилерди окуу, аймакта картасыз багыт алуу.<br>АК-74 автоматын жарым-жартылай чачуу (чогултуу) боюнча нормативди аткарууну жакшыртуу; ок дарыларды магазинге толтуруу жана бутага ок атуу.<br>Негизги физикалык сапаттарды өркүндөтүү жана өнүктүрүү, адамдын физикалык, психикалык жана социалдык ден соолугун сактоо жана өнүктүрүү үчүн жашоо багытын түзүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | Талаа машыгуулары | Окуу предметтери боюнча нормативдин аткарылышы. Курал менен иштөөдө коопсуздук чараларын үйрөнүү, машыгуу шарттарын изилдөө. №1-2- эркин машыгуу комплекси. | Алгачкы көнүгүүлөрдү практикалык түрдө ишке ашыруу, окуу предметтери боюнча теориялык жана практикалык сабактарда алган билимдери менен көндүмдөрүн бекемдөө жана өркүндөтүү.<br>Тактикалык кырдаалдарда, физикалык жана психологиялык басымдарды күчөтүлгөн учурдагы иш-аракеттер. |

*Предметтик компетенцияларды, күтүлүүчү натыйжаларды класстарга бөлүштүрүү*

*№2 таблица*

| № | **Предметтик компетенттүүлүк** | **Күтүлгөн натыйжалар** | |
|---|---|---|---|
| | | **11-класс** | **12-класс** |
| 1. | Патриоттук жана эмоционалдык-эрктүүлүк компетенциясы | – Ата мекенге берилген сезими, жарандык жетилгендик, жоопкерчилик, туруктуулук, эмгекке жана коргонууга даяр болуу;<br>- жеке коргонуу каражаттарын (противогаз, респиратор, кебез-марли таңгагы, үйдөгү медициналык аптечка) жана жамааттык коргонуу каражаттарын колдонуу;<br>- социалдык, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдарда коопсуз жүрүм-турум эрежелери;<br>- табигый чөйрөдө коопсуз жүрүм-турумдун ыкмалары: аймакка багыт алуу;<br>- физикалык сапаттарды өнүктүрүү, координациялоо, ылдамдык жана күч жөндөмдөрүн жакшыртуу;<br>- тоскоолдуктарды жеңе билүү, эпчил жана кайраттуу болуу. | - Патриоттук сезимдер, Мекенге болгон сүйүүнү, анын кызыкчылыктарына берилгендик менен өнүктүрүү.<br>Алган билимди жана көндүмдөрдү практикалык иштерде жана күнүмдүк турмушта колдонуу үчүн:<br>- калкты табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардан коргоо ыкмаларын өздөштүрүү;<br>- жеке жана жамааттык коргонуу каражаттарын колдонуу;<br>- радиациялык, химиялык чалгындоо жана дозиметрикалык приборлорду колдоно билүү;<br>- физикалык туруктуулукту, күч-кубатты жана сабактарда алынган психологиялык даярдыкты жогорулатуу. |
| 2. | Күжүрмөн даярдык компетенциясы | - Мотоаткычтар бөлүгүн билүү, күжүрмөн аракеттердин негиздерин жана жоокердин беттешүүсүн билүү;<br>- өзүнүн граждандык позициясын | - Беттешүүнүн ар кандай түрлөрүндө жоокердин аракеттерин жасай билүү;<br>- күжүрмөн тапшырманы |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | коргой билүү жана дүйнөгө болгон көз карашын калыптандыруу. | аткаруу үчүн зарыл болгон эрдикти, жолдоштук жамааттык сезимин, өз ара жардамдашуу даярдыгын, психологиялык туруктуулукту жана жогорку моралдык күжүрмөн сапаттарга тарбиялоо. |
| 3. | Ок атуу жана саптык компетенттүүлүгү | - Калашников автоматынын жана кол гранаталарынын күжүрмөн касиеттерин жана жабдууларын билүү;<br>- ок атуучу куралдарды күтүү жана сактоо эрежелери менен таанышуу;<br>- башчыларга (улууларга) туура кайрылууга, буйруктарды жана аскердик саламдашууларды аткарууга аракеттенүү, аскердик сылыктыкты сактоо;<br>- аскер кызматчыларынын жалпы милдеттери, ички жана кароол кызматынын милдеттери менен таанышып, тартип сакчыларынын милдеттерин билүү. | - Курал менен иштөө жана кол гранаталарын ыргытуу боюнча көндүмдөрдү билет;<br>- ок чыгаруу боюнча машыгуу;<br>- куралсыз саптык ыкмаларды туура аткаруу. |
| 4. | Аскердик-медициналык компетенттүүлүк. | - Жарадарларга, дем алуусу менен жүрөктүн согуусу начарлаганда алгачкы медициналык жардам көрсөтө билүү;<br>- жеке медициналык коргонуу каражаттарын колдонуунун максатын жана эрежелерин билүү. | - Радиациялык жана уулуу заттардын таасиринен жаракат алган учурда медициналык жардам көрсөтүүгө;<br>- медициналык коргонуу каражаттарынын, АИ-2 аптечкасынын жана ИПП-8 жеке пакетинин эмнеге арналганын жана түзүмүн билүү. |
| 5. | Топографиялык компетенттүүлүк. | - Жайгашуучу жерди тандоо, аны жабдуу жана жашыруу;<br>- азимуттар боюнча жылуу, топографиялык картаны жана белгилерди билип окуу;<br>- азимуттар боюнча маршруттарды түзүү. | - Компасты, картаны, табигый болжолгоону колдонуу менен жерди багыттоо, өз алдынча маршрутту аныктоо жана аны менен жүрүү, жөнөкөй топографиялык схемаларды түзүү. |

## IV. ОКУТУУНУН МЕТОДДОРУ ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯСЫ

Окуучунун таанып-билүү жана практикалык ишмердүүлүгүн уюштуруу, билим берүүнүн мазмунун сиңирүүгө, башкача айтканда, билим берүү максаттарына жетишүүгө туруктуу алып барган **окутуунун методикасы мугалимдин ырааттуу иш-аракеттеринин системасы болуп саналат.**

Сабактар комплекстүү мүнөздө болуп, колдонулуучу каражаттардын, аскердик-патриоттук тарбиялоонун, дене тарбия көнүгүүлөрүн (нормаларын) аткаруунун жана сабактарды уюштуруунун зарыл болгон ар түрдүүлүгү болушу керек.

Окутуунун методикасы менен максатына жетүү үчүн мугалим менен окуучунун биргелешкен аракетинин негизинде ишке ашат. Окутуунун ыкмалары социалдык, маданий жана технологиялык контексти тыгыз байланышта болгондуктан, убакыттын өтүшү менен өзгөрүп турат. Мисалы, адамдын өнүгүүсүнүн алгачкы этаптарында туура ыкмасы үстөмдүк кылган.

Ар бир ыкма өзүнчө элементтерден – методологиялык (же дидактикалык) ыкмалардан турат. Ошентип, бардык ыкмаларды белгилүү бир системага киргизүү аракетинде классификациялоо үчүн ар кандай негиздер иштелип чыккан:

**Дидактикалык тапшырмалар боюнча**: билимди өздөштүрүү, билгичтиктерди жана көндүмдөрдү өнүктүрүү, билимди колдонуу, чыгармачылык ишмердүүлүк, билимди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди бекемдөө жана текшерүү.

**Маалымат берүү булагы боюнча:** оозеки (лекция, талкуу, окуу китеби менен иштөө), визуалдык (иллюстрациялар жана диаграммалар менен иштөө, видеороликтерди көрүү) жана практикалык (маселелерди чыгаруу, лабораториялык иштер, дидактикалык оюндар).

**Окуучулардын таанып билүү активдүүлүгүнүн мүнөзү боюнча**: маалыматтык-рецептивдик метод (мугалим окуучуларга маалымат бергенде), репродуктивдүү (окуучу мугалимдин үлгүсү боюнча иш-аракеттерди жасайт), көйгөйлүү презентация ыкмасы (мугалим маселени формулировкалайт жана аны чечүүнүн логикалык кадамдарын көрсөтөт), эвристикалык (мугалим маселени өзүнчө тапшырмаларга бөлөт, окуучулар аларды аткарат) жана изилдөө (окуучулар аларды чечүүнүн жаңы жолдорун издешет). Бул ыкма окуучулардын өз алдынчалыгын өнүктүрүүнү чагылдырат.

**Маалыматты берүү жана кабыл алуу логикасына ылайык:** индуктивдүү методдор (мугалим адегенде конкреттүү фактыларды, андан соң жалпы жоболорду айтып жатканда, же окуучулар жалпы формулага келүү үчүн маселелерди чечкенде) жана дедуктивдүү методдор (окуучулар абстракттуу түшүнүктөрдөн же жалпы мыйзамдардан конкреттүү натыйжаларга, теориядан маселени чечүүгө өтүшөт).

***Окутуу ыкмалары үч чоң топко бөлүнөт:***

**Билим берүү, таанып-билүү ишин уюштуруу жана ишке ашыруу** методдору (оозеки, көрсөтмөлүү жана практикалык, индуктивдүү жана дедуктивдүү, репродуктивдүү жана көйгөйлүү, өз алдынча иштөө ыкмалары).

**Билим берүү жана таанып-билүү ишмердигин стимулдаштыруу жана мотивациялоо** методдору (кызыктыруу жана таанып-билүү кызыкчылыгын калыптандыруу, ошондой эле окуунун натыйжасына жетүүдө жоопкерчиликти күчөтүү үчүн мактоо жана сындоо ыкмалары).

**Билим берүү жана таанып-билүү иш-аракеттеринин натыйжалуулугун көзөмөлдөө жана өзүн өзү көзөмөлдөө** методдору (оозеки жана жазуу жүзүндөгү текшерүү методдору, лабораториялык иштер, компьютердик тесттер).

Аскерге чейинки даярдык предметинин сабактары теориялык жана практикалык сабактардын формаларынын колдонулушу менен, талаа окуулары жана медициналык мекемелерде өтө тургандай түзүлгөн. Окуу планын өздөштүрүүнүн натыйжасы атайын билимдердин жана ага байланыштуу практикалык көндүмдөрдүн жана жөндөмдөрдүн белгилүү бир көлөмү болуп саналат. Алар алдын ала, учурдагы жана жыйынтыктоочу баалоодон өткөрүлөт, буга байланыштуу аскерге чейинки даярдоонун негизги бөлүмдөрүн өздөштүрүүнүн нормативдик баалоосу белгиленет.

Аскерге чейинки даярдык сабактарын уюштуруу жана өткөрүү боюнча уюштуруучулук-методикалык сунуштар сунушталат, алар окуучуларда төмөнкүлөрдү өнүктүрүүгө багытталган:

- практикалык дене тарбиялык жана аскерге чейинки даярдыктын деңгээлин жогорулатуу жана ден соолукту чыңдоо максатында системалуу, анын ичинде өз алдынча дене тарбия көнүгүүлөрүн жүргүзүүнүн зарылдыгы;
- учкучсуз учуучу аппараттарды кеңири колдонуу аркылуу күжүрмөн операцияларды жүргүзүүнүн жогорку эффективдүү куралы менен таанышуу (чалгындоо үчүн дрондорду колдонуу, буталарды кармоо жана жок кылуу, күжүрмөн тактиканы жаңылоо);
- окуучулардын адеп-ахлактык, эрктүүлүк жана патриоттук сапаттарын тарбиялоо, ошону менен алардын адептүүлүгүн калыптандыруу.

Сабактардын мазмунунун ***аскердик-прикладдык*** багыты окуучуларды Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн катарында кызмат өтөөгө, бейпил шарттарда үзүрлүү эмгекке даярдоонун өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле ар кандай коркунучтардын келип чыгуу шарттарына зарыл даярдыкты камсыз кылууну эске алуу менен аныкталат.

Ушуга байланыштуу окуучулардын дене тарбиялык жактан прикладдык даярдыгын камсыз кылууга, булчуң системасын чыңдоого, негизги физикалык сапаттарды өнүктүрүүгө, ар кандай тоскоолдуктарды жеңүү жөндөмүн өнүктүрүүгө, ошондой эле кол күрөштүн элементтерин өздөштүрүүгө багытталган сабактар системасы сунушталат.

Класстагы билим берүү технологиялары административдик тапшырмаларды иретке келтирип, сабактардын сапатын жакшыртып, окуучулардын активдүүлүгүн жогорулатуу менен мугалимдерге чоң жардам берет.

*Ок атууга үйрөтүү*. Калашников автоматы, кол гранаталары, ок атуунун негиздери жана эрежелери алгач класстарда өтүүчү сабактарда окутулат. Сабактардын жүрүшүндө окуучулар автоматтын жана гранаталардын күжүрмөн касиеттери жана алардын жалпы түзүлүшү боюнча билимге ээ болушат; аларга автоматты чачуу жана чогултуу, тазалоо жана майлоо ыкмалары үйрөтүлүп, ок атуучу куралдарды күтүүнүн эрежелери, аларды кароо жана сактоо, курал менен иштөөдө коопсуздук чаралары менен тааныштырылат.

Пневматикалык мылтыктан атуу ок атуучу тирде түздөн-түз аскерге чейинки даярдыктын башчысы тарабынан уюштурулат. Алдын ала окуучуларга коопсуздук чаралары жана көнүгүүлөрдү аткаруунун тартиби боюнча көрсөтмөлөр берилет.

Автоматтан ок атуу аскердик полигондо аскердик бөлүктөр жана аскер комиссариаттары тарабынан ок атуучу куралдан атуу курсунун талаптарына ылайык уюштурулат жана өткөрүлөт.

Ок атуу алдында ар бир машыгуучуга коопсуздук чаралары, көнүгүүлөрдү аткаруунун шарттары, автоматтын жабдылышы, турган абалдан ок атуу ыкмалары жана эрежелери боюнча окуулар өткөрүлөт. Автоматтын жабдыктарын, ок атуунун ыкмаларын жана эрежелерин өздөштүрбөгөн, коопсуздук чараларын жана машыгуунун шарттарын билбеген, пневматикалык мылтыктан атуу боюнча даярдык көрүү көнүгүүлөрүн бүтүрбөгөн машыгуучуларга чыныгы ок менен атууга уруксат берилбейт.

Ок атуучу куралдарды даярдоо боюнча сабактар Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аткыч куралдардан ок атуу курсунун талаптарына ылайык өткөрүлөт. Аскердик бөлүктөрдө жана окуу жайларында окуу жыйындарында аткарылуучу ок атуу машыгууларын тандоо атуу курсунун жоболорунун негизинде гана жүргүзүлөт.

Алынган көндүмдөр автоматтан ок атуу боюнча алгачкы көнүгүүлөрдү аткарууда сабак учурунда бекемделет жана өркүндөтүлөт.

*Аскердик иштердин негиздери* (тактикалык машыгуу) машыгуунун эң маанилүү бөлүмдөрүнүн бири. Анда жаштардын коргонууда жана чабуул учурунда аракеттенүү ыкмаларын жана көндүмдөрүн өнүктүрүү боюнча суроолору ар тараптуу үйрөнүүсү толугу менен каралган.

Жаш уландар жабдылган класстарда, чөйрөдө жана аскердик бөлүктө өтүүчү тактикалык сабактарда жоокердин беттешүү аракеттерине үйрөтүлөт.

Практикада тактикалык машыгууну өткөрүүдө жетекчи окуучуларга тактикалык кырдаал менен тааныштырат. Андан кийин аткаруунун (аракеттин) техникасын көрсөтүп, түшүндүрөт, андан соң окуучуларды адегенде ырааттуулугу боюнча, анан бүтүндөй толугу менен үйрөтөт.

Практикалык аракеттерге байланышпаган *жалпы аскердик уставдардын жоболору* тиешелүү талаптарды түшүндүрүү жана плакаттарды, видеофильмдерди, диафильмдерди, окуу фильмдерин колдонуу аркылуу сүйлөшүү жолу менен үйрөтүлөт.

Сабак учурунда окуучуларга жоболор Куралдуу Күчтөрдүн турмушунун мыйзамы экендигин, алардын талаптарын так жана шексиз аткаруу ар бир аскер кызматчысынын ыйык милдети экендигин түшүндүрүү керек; үлгүлүү кызмат кылган Куралдуу Күчтөрдүн жоокерлеринин, анттын жана жобонун талаптарын кынтыксыз аткарган учурларын мисалдар менен айтып берүү; бейпилчилик мезгилде жана Улуу ата мекендик согуштун жылдарында советтик жоокерлердин эрдиктери, Афганистанда согуштук тапшырмаларды аткарган жоокерлер жана мамлекетти коргоо боюнча согуштук аракеттердин катышуучулары жөнүндө айтып берүү.

Окуучулардын тапкычтыгын жана ченемдик укуктук актыларды аң-сезимдүү өздөштүрүү көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн сабактарда устав боюнча окуган темалардын алкагында өз алдынча чечим кабыл алып, практикалык иш-аракеттерди жасоого тийиш болгон шарттарды түзүү зарыл.

*Саптык даярдоо боюнча машыгуу* атайын жабдылган жерде өткөрүлөт. Сабактарда окуучулар адегенде жалпы, андан кийин ырааттуулугу боюнча саптык машыгуунун техникасы менен таанышат, андан соң жетекчинин командасы боюнча, туура аткарганга чейин өз алдынча машыгышат.

Саптык жеке ыкмаларын үйрөнүү атайын сабактарда, жалпы дене тарбия, тактикалык жана ок атууга даярдык боюнча сабактарда уставга ылайык, ошондой эле бардык тизилүүлөрдүн, кыймылдардын учурунда жана коргонуу-спорттук иш-чаралар учурунда жүргүзүлөт.

*Медициналык билимдердин негиздери.* Окутуу учурунда негизги көңүл окуучуларга алгачкы медициналык жардам көрсөтүү жана жабыркагандарга, оорулууларга кам көрүүнүн жол-жоболорун аткаруунун практикалык көндүмдөрүн өздөштүрүүсүнө, алардын моралдык-психологиялык сапаттарын калыптандырууга, оорулууларды дарылоо процессинде аткарган иштеринин маанилүүлүгүн түшүнүүгө бурулат.

Теориялык сабактар аңгеме ыкмасы, схемалар жана пландар аркылуу өткөрүлөт. Теориялык материал практикалык ыкмаларды маңыздуу ишке ашыруу үчүн зарыл болгон көлөмдө берилген.

Практикалык сабактарда мугалим кандайдыр бир ыкманы же аракетти аткаруунун техникасын көрсөтүп, түшүндүрүп берет, андан соң окуучулар менен тренинг өткөрөт. Практикалык сабактар милдеттүү болуп саналат.

Көбүнчө кыздар контракт боюнча аскер кызматына киришет. Бул бөлүмдү жакшы өздөштүрүү аларга кызматта жүргөндө, экстремалдык жана өзгөчө кырдаалдарда көмөктөшүүгө ээ болот. Алар өзүнө жана башкаларга алгачкы жардам көрсөтө алышат.

Жыйынтыктоочу сабактар окуу жылынын аягында, 12-класста – медициналык мекемелерде практикалык окууну аяктагандан кийин өткөрүлөт. Жыйынтыктоочу сабактарда окуучулар теориялык суроолорго жооп берип, нормативдерди жана практикалык тапшырмаларды аткарышат.

*Окуу жыйындарын өткөрүү*. Аскерге чейинки даярдоонун толук курсун аяктаган бүтүрүүчү класстардын окуучулары, ден соолугунун абалы боюнча сабактардан бошотулгандарды кошпогондо, окуу жыйындарына катышууга чакырылат. Машыгуунун мөөнөтү 3 күн. Окуу жыйындары аскердик бөлүктөрү жок райондордо/шаарларда жалпы билим берүү уюмдарында же аскердик бөлүктөрү жайгаштырылган аймактардагы аскердик полигондордо өткөрүлөт.

Окуу учурунда аскер кызматчыларынын жайгашуусу жана күнүмдүк жашоосу, кароол жана ички кызматтарды уюштуруу, машыгуунун, ок атуунун, тактикалык, физикалык жана аскердик-медициналык даярдыктын элементтери, ошондой эле аскерлерди радиациялык, химиялык жана биологиялык жактан коргоо маселелери изилденет. Окуу жыйындарында аскердик-кесиптик багыт берүү иш-чаралары өткөрүлөт.

## V. ОКУУЧУЛАРДЫН ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИН БААЛОО

“Аскерге чейинки даярдоо” предмети боюнча окуу жетишкендиктерин баалоо келечекте окуучулардын Куралдуу Күчтөрдө кызмат өтөө жана өзгөчө кырдаалдарда аракеттер үчүн зарыл болгон негизги билимдерин, көндүмдөрүн, практикалык жана жеке компетенцияларын өнүктүрүү деңгээлин аныктоого багытталган.

Баалоо теориялык билимди текшерүүгө гана эмес, окуучулардын практикалык көндүмдөрүн, физикалык даярдыгын, тартибин, ошондой эле патриоттук аң-сезимин жана жарандык жоопкерчилигин диагностикалоого багытталышы керек.

«Аскерге чейинки даярдоо» предмети төмөнкүлөрдү баалайт:

- окуу материалын өздөштүрүү деңгээлин аныктоо;
- көндүмдөрдү жана практикалык жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө көзөмөл жүргүзүү;
- ар кандай кырдаалдарда (анын ичинде өмүргө жана ден соолукка коркунуч туудурган шарттарда) аракеттенүүгө даярдыгын аныктоо;
- окуучулардын физикалык жана моралдык-эрктүү сапаттарын андан ары өнүктүрүүгө түрткү берүү;
- окуучулардын өзүн өзү баалоосун жана рефлексиясын колдоо.

Төмөнкү **компоненттер** баалоого жатат:

***1. Теориялык билимдер:***

- Аскердик кызматтын жана мыйзамдардын негиздери;
- Жарандык коргонуунун жана өзгөчө кырдаалдардан сактануунун негиздери;
- Алгачкы жардам көрсөтүү;
- Курал жана техника менен иштөөдө коопсуздук эрежелери.

***2. Практикалык көндүмдөр:***

- Саптык даярдоо;
- Ок атуучу окуу куралдарын жыйноо жана чачуу;
- Машыгуу гранатасын ыргытуу;
- Алгачкы медициналык жардам көрсөтүү;
- Физикалык нормативдер (чуркоо, тартылуу ж.б.).

***3. Жеке сапаттар жана жүрүм-туруму:***

- Жоопкерчилик жана тартип;
- Лидерлик жана командалык сапаттар;

- Демилге;

- Жарандык позиция жана патриоттуулук.

Окуучулардын жетишкендиктерин комплекстүү диагностикалоо үчүн ар кандай ыкмаларды колдонуу сунушталат:

- Окуучулардын ишмердүүлүгүнө *педагогикалык байкоо жүргүзүү*;

- *Практикалык тапшырмалар жана сыноолор* (сапка тизилүү, ок атуу, медициналык жана дене тарбия боюнча);

- Теориялык темалар боюнча *оозеки жана жазуу жүзүндөгү сурамжылоо*;

- *Тестирлөө* (кагаз же электрондук түрдө);

- *Кырдаалдык тапшырмалар жана моделдөө* (мисалы, өзгөчө кырдаалдардагы жүрүм-турум);

- Тематикалык багыттар боюнча *долбоорлор жана презентациялар*;

- Окуучулардын *өзүн өзү жана өз ара баалоосу*;

Баалоодо **заманбап баалоо технологияларын** колдонсо болот.

- Тестирлөө үчүн *санариптик платформаларды* колдонуу (Google Forms, Kahoot, Moodle);

- Көнүгүүлөрдүн аткарылышын кийин талдоо үчүн *видео жазууларды* колдонуу;

- Окуучулардын *электрондук портфолиосун* жүргүзүү;

- Тапшырмалар жана нускамалардын *QR коддорун* колдонуу;

- Модулдар жана блоктор үчүн *упайларды топтоодо рейтинг системасын* колдонуу.

**Баалоонун түрлөрү**

**• Диагностикалык баалоо:**

- Даярдоонун баштапкы деңгээлин аныктоо, кемчиликтерди аныктоо жана ошонун негизинде окутууну пландаштыруу;

- Негизги теориялык билимдерди диагностикалоо;

- Жалпы физикалык даярдыгын аныктоо;

- Жеке жана жүрүм-турум сапаттарын түшүнүү;

- Мотивациянын деңгээлин жана предметке болгон мамилесин талдоо.

**• Формативдик баалоо:**

- Окуу процессинин жүрүшүндө жетишкендиктерге мониторинг жүргүзүү үчүн колдонулат;

- Окуучу менен кайтарым байланыш түзүү жана аларга колдоо көрсөтүү үчүн колдонулат;

- Байкоону, чакан тесттерди, оозеки жоопторду жана предмет боюнча практикалык көнүгүүлөрдү жана нормативдерди камтыйт.

**• Суммативдик баалоо:**

- Теманын, бөлүмдүн же окуу жылынын аягында өткөрүлөт;

- Зачетторду, тапшырмаларды жана нормативдерди аткарууну камтыйт;

- Долбоорду коргоону же тематикалык иш-чараларга катышууну камтышы мүмкүн.

Негизги багыттар боюнча окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун болжолдуу критерийлери:

| Компонент | Ийгилик критерийлери |
|---|---|
| Теориялык билим | Жоопторун толуктугу жана тактыгы, терминологияны колдонуу, негизги түшүнүктөрдү түшүнүү |
| Практикалык көндүмдөр | Аткаруунун тууралыгы жана коопсуздугу, ылдамдыгы, стандарттардын сакталышы |

| | |
|---|---|
| Тартип жана катышуу | Тапшырмаларды өз убагында аткаруу, сабакта активдүү болуу, нускамаларды аткаруу |
| Командалык сапаттар | Өз ара аракеттенүү, демилгелүүлүк, топтук ишке катышуу |
| Жоопкерчилик жана жүрүм-турум | Жүрүм-турум нормаларын сактоо, тыкандык, ишке болгон мамиле, кызыгуу көрсөтүү |

## VI. РЕСУРСТАР МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН МИНИМАЛДЫК ТАЛАПТАРЫ

**Кадрдык ресурстар:**

- жогорку кесиптик окуу жайлардын "аскерге чейинки даярдык жана дене тарбия мугалими" адистиги боюнча бүтүрүүчүлөрү;

- жогорку аскердик билими бар, жогорку моралдык сапаттарга ээ жана окуучуларга билим берүүгө, тарбиялоого жөндөмдүү запастагы жана отставкадагы офицерлер, ошондой эле жогорку педагогикалык билими бар тажрыйбалуу сержанттар жана запастагы жоокерлер;

- медициналык билимдердин негиздери боюнча сабактарга мугалимдерди тандоо саламаттык сактоонун аймактык органдары тарабынан билим берүү уюмдарынын жетекчилери менен бирдикте даярдалган медициналык кызматкерлердин ичинен жүргүзүлөт.

**Материалдык-техникалык ресурстар:**

- жаштарга аскерге чейинки даярдоо сабактарын жүргүзүү үчүн коргоо маселелери боюнча мамлекеттик орган билим берүү уюмдарын окуу куралдары, алар үчүн чакан калибрлүү мылтыктар жана патрондор, жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылат. Жобого ылайык камсыз кылуунун тартиби:

- өзгөчө кырдаалдардын алдын алуу жана жоюу маселелери боюнча жооптуу мамлекеттик орган билим берүү бөлүмдөрүнүн талабы боюнча карамагында турган уюмдардын каражаттарынын эсебинен билим берүү уюмдарын жарандык коргонуунун мүлкү менен камсыздайт;

- саламаттыкты сактоо маселелери боюнча жооптуу мамлекеттик орган ведомстволук органдар аркылуу медициналык билимдердин негиздери боюнча сабактарды өткөрүү үчүн адистерди тартат, билим берүү бөлүмдөрүнүн талабы боюнча карамагында турган уюмдардын каражаттарынын эсебинен билим берүү уюмдарын медициналык билимдердин негиздери боюнча медициналык жабдуулар менен камсыздайт.

Окуу жайларда окуу-материалдык база Аскерге чейинки даярдоо программасынын талаптарына ылайык түзүлүп, дайыма өркүндөтүлүп турат. Программа төмөнкүлөрдү камтыйт: аскерге чакырууга чейинки даярдоо кабинетин; машыгуучу куралды жана майда калибрлүү мылтыктарды сактоо үчүн атайын жабдылган бөлмөнү; ок атуучу тирди; эшик сакчынын милдеттерин жана саптык ыктарды практикалык окуу үчүн жайларды; жалпы дене тарбиялык даярдоо боюнча сабактарды өткөрүү үчүн жайларды; тоскоолдуктардын бирдей тилкесин; аскердик иштин негиздери боюнча сабактарды өткөрүү үчүн чечилүүчү-ташылуучу окуу жабдыктарынын комплектисин; окуу-көрсөтмө окуу куралдарын жана окуунун техникалык каражаттарын.

## VII. МОТИВАЦИЯЛЫК ЖАНА КООПСУЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЧӨЙРӨ ТҮЗҮҮ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 11-февралындагы №87 "Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо маселелери жөнүндө" токтомуна ылайык; «Жалпы орто билим берүү программаларын, башталгыч жана орто кесиптик билим берүүнүн кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруучу билим берүү уюмдарында жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо жөнүндө жобо» (38-статьянын 6-пункту) билим берүү уюмдарынын кызмат адамдарынын милдеттерин аныктайт.

Жобого ылайык, мектеп жетекчилиги мектепти жана жалпы эле тартипти көзөмөлдөйт, окуучуларды коопсуз жана жемиштүү окутуу, тарбиялоо үчүн өз убагында чараларды көрөт. Мектептеги коопсуздук чаралары бир катар системаларды (өрттөн коргоо, эскертүү, видеокөзөмөл) орнотууну камтыйт.

«Аскерге чейинки даярдык» предмети боюнча окуу чөйрөсү мектептик базалык билим берүүнүн максаттарына, милдеттерине жана натыйжаларына шайкеш келиши керек, окуучулардын билимди, көндүмдөрдү, жөндөмдөрдү жана компетенцияларды өздөштүрүүсү үчүн жогорку сапаттагы сабактарды өтүүнү камсыз кылуу жана аларды билим берүүнүн кийинки баскычтарында окутуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга тийиш.

Мотивациялоочу чөйрөнү түзүү аскерге чейинки даярдык сабактарында аскердик иштерге катышкандардын мотивдерин активдештирүүчү, аларга тарбиялык максатка жетүү үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүүчү чөйрөнүн чыгармачыл түрү үстөмдүк кылуусун талап кылат. Мотивациялоочу чөйрөнү түзүүнүн негизги шарты болуп, аскерге чейинки даярдоо сабактарында окуучуларда физикалык жана психологиялык коопсуздук сезимин түзүү саналат.

Мотивациялоочу окуу чөйрөсүн түзүүнүн негизги механизмдери:

- билим берүү процессинин катышуучуларынын ортосундагы мамилелердин системасын өзгөртүү;
- билим берүү чөйрөсүнүн инновациялык инфраструктурасын түзүү;
- жаңы билим берүү практикасын ишке ашыруу.

Окуучуларга билим берүүнүн сапатын жогорулатууга салым кошкон мотивациялоочу чөйрөнү түзүү боюнча негизги иш-чаралар:

- окуу планын жаңылоо жана оптималдаштыруу;
- мониторинг жүргүзүү;
- маалыматтык-технологиялык чөйрөнүн жогорку деңгээлине өтүү.

Психологиялык коопсуздук үч аспекти менен камсыз кылынат: биринчиси, окуучулардын кийим алмаштыруучу жайда жана ага чейинки жүрүм-туруму, өз ара аракети; коңгуроо кагылганга чейин спорт залда же оюн аянтчасында окуучулардын өз ара аракеттешүүсү сыяктуу параметрлерден турат; экинчиси, сабак учурунда түзүлгөн кырдаалдан турган жана окуучулардын командаларды аткаруу, тарбиялык маселелерди чечүү аркылуу бири-бири жана мугалим менен өз ара аракеттенүүсүнөн турат, анткени мектеп окуучуларына башка максаттарда колдонула турган спорттук шаймандар (шарлар, таякчалар, обручтар, скакалкалар) жеткиликтүү болуп калат; үчүнчүсү, окуучулардын сабакта башынан өткөргөндөрүнөн, ошондой эле кийим алмаштыруучу жайдагы жүрүм-турум жана өз ара аракеттенүү өзгөчөлүктөрүнөн турат.

Аскерге чейинки даярдык мугалими тарабынан көрүлгөн бир катар чаралар шык берүүчү жана коопсуз шарттарды түзүүгө өбөлгө түзөт. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- окуучуларды тартипке келтирүүчү сабакка биргелешип даярдануу чаралары (сабактар өтүүчү жайды даярдоого тартуу) эмгек чөйрөсүн түзүүгө жардам берет, тартипсиздикке каршы турууга жана эрежелерди сактоого чакырат;

- жалпы жана конкреттүү максаттарды көрсөтүү менен ок атуу сабактарынын максаттарын биргелешип аныктоо боюнча чаралар;

- предмет боюнча нормативдерди аткаруу учурунда андан ары аны ишке ашырууну биргелешип талдоо боюнча чыгармачылыктын жана өзүн өзү ишке ашыруунун белгилүү бир көлөмүн камсыз кылуу боюнча чаралар;

- аң-сезимдин көрүнүшүнө багытталган инсандык активдүүлүктүн, субъективдүү башкаруунун болушун, маалыматтын, адеп-ахлактуулуктун, ишенимдердин жана коммуникациянын ачыктыгын эске алуу менен окутуунун технологиясын курууга мүнөздүү принциптерди аныктоо боюнча чаралар;

- сабак учурунда эмоционалдык климатты камсыз кылуу чаралары (сабактын башталышы жана аяктоосу);

- ар бир окуучунун ийгилигине көз салынат жана кубаттоого алынат, кыйынчылыктарга дуушар болгондорду колдоого жана жардам берүүгө багытталган дем берүүчү жана өз ара жардам көрсөтүү чаралары;

- классташтарынын аракеттерине баа берүүгө мүмкүндүк берүүчү чаралар. Башкалардын жетишкендиктерин баалаган окуучунун өзүнүн да баасын аргументтештирип берүүсүнө жакшы басым жасалат.

Жогорудагы чаралар класста ыңгайлуу шарттарды түзүүгө көмөктөшөт, инсандын башка окуучулар менен эффективдүү өз ара аракеттенүү жөндөмүн, турмуштук жөндөмдөрдү өнүктүрүүгө жана класста жагымдуу психологиялык климатты түзүүгө жардам берет.

Жогорудагылардан тышкары окуу кабинеттеринин абалы, алардын жабдуулары жана инвентарлары аларды пайдалануунун ишенимдүүлүгүн жана коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптарга, санитардык-гигиеналык ченемдерге жана эрежелерге, анын ичинде өрт жана электр коопсуздугуна ылайык келүүгө тийиш.